«БЕКИТЕМИН»
КР Маданият, маалымат, спорт
жана жаштар саясаты министрлиги,
жаштар саясаты
башкармалыгынын башчысы
________________ А.Т. Шайкидинов
«___»___________ 2024 г.

# АКТ
## илимий - изилдөө иштеринин натыйжаларын киргизүү актысы

1. **Киргизүү автору:** Жунушова Сайкал Орозовна
2. **Илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларынын аталышы**: докторлук диссертация 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча “Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы, келечеги” аттуу темага арналган.
3. **Кыскача аннотация:** Диссертациялык эмгекте, мамлекеттик жаштар саясаты биринчи кезекте жаштар өзүнүн адамдык потенциалын жогорулатуу үчүн мүмкүндүк берүүгө, мамлекеттин жана коомдун өнүгүшүнүн негизги ресурсу катары жаштарды калыптандыруу керектиги аныкталган. Негизинен жаштарды саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө колдоого, жаш муундун ар кандай категориялары менен даректүү иштерди уюштурууга, алардын өзүнүн ден-соолугуна, ата-бабалардын мурастарына, айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсүнө жана өзүнүн чечимдерине жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандырууга багытталат.

   Заманбап практика көрсөткөндөй тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө стратегиялык артыкчылыктар катары жаштарды кабылдаган өлкөлөрдө, өнүгүүнүн инновациялык потенциалын натыйжалуу пайдаланганга толук мүмкүнчүлүктөр бар экендигин далилдей алышты. Мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашырууда, коомдун бардык институттары, ошондой эле жаштар уюмдары менен активдүү өз ара иштөөнүн негизинде өлкөнү инновациялык өнүктүрүүнүн зарыл социалдык шарттарын түзүүнү мамлекеттин артыкчылыктуу саясаты катары түшүнүү керек. Жаштарды коомдук активдүү позицияга тартуу жана аны өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо, жаштардын илимий, чыгармачыл жана ишкердик активдүүлүгүн колдоону камсыз кылуу бүгүнкү күндүн талабы. Жаштарды эмгекке жана экономикалык ишмердүүлүккө, анын ичинде эмгек бирикмелеринин, жаштардын эмгек биржаларын жана жаштарды иш менен камсыз кылуунун башка формаларын өнүктүрүүнүн, жаштарды эмгекке максималдуу ийкемдүү

тартуу үчүн ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүүнүн жана анын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуунун натыйжалуу моделдерин жана формаларын өнүктүрүү абзел. Жаштардын аймактар аралык жана эл аралык өз ара аракеттенүүсүн колдоо (тематикалык слёттор, лагерлер жана фестивалдар, илимий-практикалык жана бизнес-конференциялар, дискуссиялык клубдар, жаштар алмашуулары, пленэрлер), кыргыз элинин маданиятын, дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарынын өз ара кабылдоосуна багытталган эл аралык маалыматтык жаштар долбоорлорун уюштуруу, экстремизм жана терроризмден сактоо бүгүнкү күндүн талабы. Жаштарды эмгекке тартууда, жаш ишкерлердин катмарынын пайда болушу, эмгек мигранттары менен иштөө, айылдык жаштар менен ар кандай долбоорлорду ишке ашыруу бүгүнкү күндүн талабы.

4. **Киргизүү эффектиси:** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары аркылуу өлкөбүздүн жаштарына социалдык долбоорлорду жазуу, студенттик конференция семинарларды уюштуруу, анын негизинде жаштарга тиешелүү көйгөйлөрдү талкуулоо, аларды өз убагында чечүү жолдорун издөө. Негизинен КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен биргеликте, жаштардын позитивдүү социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына жана алардын өнүгүшү үчүн социалдык-экономикалык, укуктук, уюштуруучулук иштерди уюштуруу. Жаштар саясатын реалдуу практикалык ишке ашыруу процессинде жаштардын арасында ар кандай иш-чаралардын өткөрүлүп турушу менен жаш муунду коомдук жигердүүлүккө тарбиялайбыз.
5. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары кыргыз Республикасынын 2023-жылы 4-августа кабыл алынган КР Жаштары жөнүндөгү мыйзамды иштеп чыгууда колдонулду.
6. **Киргизүү формасы:** изилдөөнүн натыйжалары, диссертациялык иште камтылган теориялык жана практикалык сунуштар, жаштар саясатын калыптандыруу, ошондой эле жаштарды мамлекеттин бардык иш чөйрөсүнө тартуу механизмдерин аныктоодо мыйзам долбоорунда камтылган.

*Жаштар саясаты башкармалыгынын башкы адиси* — А.Н. Адамалиев

*Жаштар саясаты башкармалыгынын башкы адиси* — О.Ш. Иниятов

*Этностор аралык мамилелер башкармалыгынын жетектөөчү адиси* — А.С. Кутманова